УДК: 821.512.154
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.29

Жороева Н.
К. Карасаев атындагы БМУ

## Ж. БӨКӨНБАЕВДИН ГРАЖДАНДЫК ЛИРИКАСЫ

**Кыскача мазмуну:** Согуш учурундагы жүрөк тереңинен кайнап чыккан жалындуу, патриоттук ырлар Ж.Бөкөмбаевдин чыгармачылыгына бөтөнчө бир көрк берип турат. Согуштун алгачкы эле түндөрүндө чын дилден жазылган акындын “Ата Журт үчүн майданга!” , “Антым” , “Кош , Ала-Тоо уулуң кетти майданга!”, “Жүрөгүм менин- Кызыл Туу” сыяктуу ырлары Ата Мекенди сүйүүгө жана коргоого үндөп, жеңишке шыктандырган улуу чакырык катары эл арасына чагылгандай тез тараган.Аларды кан майданга жөнөп жаткандар да, узатуучулар да ооздорунан түшурбөй ырдашкан. Ж. Бөкөмбаев элин, жерин жанындай сүйгөн патриот акын болгон. Айрыкча, Ата Мекендик согуштун жылдарында акындын чыныгы патриот экендигин мыкты көрсөтө алган. Акындын чыгармачылык жолун изилдеген адабиятчы Б. Керимжанова, А.Садыков, К. Артыкбаев, С. Искендерова ж.б. пикирлери да жогорку айтылгандарды тастыктап турат.

**Түйүндүү сөздөр:** Акын, фольклор, поэзия, проза, драматургия, сюжет, жомок, дастан, элдик мотив, элдик сюжет, салыштыруу, патриот, туруктуу образ, поэтикалык стиль, элдик поэзия, ассонанс, аллитерация, рифма, мотив, талант.

Жороева Н.
БГУ им. К. Карасаева

## ГРАЖДАНСКАЯ ЛИРИКА Ж. БОКОМБАЕВА

**Аннотация:** Пламенные, патриотические песни и т. д., которые кипят из глубины сердца во время войны творчество Ж. Бокомбаева передает особый колорит. В первые же ночи войны искренне написал стихотворение поэта “Отец на поле боя за Родину!” , “Клянусь», « Прощай, Ала-Тоо твой сын ушел на поле боя!”, «Сердце мое - красное знамя», как великий призыв к любви и защите Отечества, вдохновляющий на победу, молниеносно распространился по всему миру. Их пели как проводники, так и проводники, направлявшиеся на кровавое поле боя, не отрывая уст. Ж. Бокомбаев был поэтом-патриотом, который любил свой народ, свою землю как душу. Особенно в годы Великой Отечественной войны поэт сумел блестяще показать, что он настоящий патриот. Исследователь творческого пути поэта литературовед Б. Керимжанова,А.Садыков, К. Артыкбаев, С. Искендерова и.т. мнения также подтверждают вышеизложенное.

**Ключевые слова:** Поэт, фольклор, поэзия, проза, драматургия, сюжет, сказка, эпос, народный мотив, народный сюжет, сравнение, патриот, устойчивый образ, поэтический стиль, народная поэзия, ассонанс, аллитерация, рифма, мотив, талант.

Zhoroeva N.
BSU named after K. Karasaev

## CIVIL LYRICS OF J. BOKONBAYEVA

**Abstract:** Fiery, patriotic songs, etc., which boil from the depths of the heart during the war, the work of Zh. Bokombayeva conveys a special flavor. In the first nights of the war, he sincerely wrote the poet's poem "Father on the battlefield for the Motherland!" , "I swear», « Goodbye, Ala-Too, your son has gone to the battlefield!", «My heart is a red banner», as a great call for love and protection of the Fatherland, inspiring victory, spread like lightning around the world. They were sung by both guides and guides heading to the bloody battlefield without taking their mouths off. Zh. Bokonbayev was a patriotic poet who loved his people, his land as a soul. Especially during the Great Patriotic War, the poet managed to brilliantly show that he was a true patriot. The researcher of the poet's creative path, literary critic B. Kerimzhanova, A. Sadykov, K. Artykbayev, S. Iskenderova opinions also confirm the above.

**Keywords:** poet, folklore, poetry, prose, drama, plot, fairy tale, epic, folk motif, folk plot, comparison, patriot, stable image, poetic style, folk poetry, assonance, alliteration, rhyme, motif, talent.

Жоомарт тууган элин, жерин жанындай (көргөн) сүйгөн патриот акын болгон. Ата Мекендик согуштун жылдарында акындын чыныгы патриот экендигин айрыкча мыкты көрсөтө алган. Немецтер Москвага жакындап кирип келгенде, Жоомарт:

"Күл кылгың" келет талкалап,
Күмбөсүн Ленин атанын.
Мактанчаак көркоо шум Гитлер,
Москвадан жетер ажалың.
Калың журт, бекем чеп болду
Кай душман бузмак катарың", - деп душмандарды куру кыйкырыгына ишенбей тургандыгын, биздин өлкөнү эч кандай душман жеңүүгө мүмкүн эмес экендигин ырдап, элине кайрат берген.

Совет элинин, дегеле адамзаттын тарыхындагы өчпөс топ болгон Улуу Ата Мекендик согуштун азап-тозогун жеңиш үчүн эбегейсиз зор күч – патриоттугун, ар-намыс, эрдик сезими күчтүү, адам болуусу кажыбаган кайратты бекемдоо зарылчылыгы бар эле.

Ж.Бөкөнбаев өлкөбүздүн тагдыры чечилип жаткан мезгилде, от аралап, кан кечип, советтик жоокерлердин патриоттук сезимин көтөргөн "Москва Крепость", "Ата-Журт үчүн майданга", "Антым", "Кош, Ата-Тоо, уулуң кетти майданга", "Белоруссия багында" аттуу чыгармаларын жазды.

Жоомарт өзү да согуш убактысында армиянын катарында болду. Согуш майданын дагы көрдү. Анын патриоттук сезими барган сайын артты. Ал майданга бара жатып жоокерлерге арнап:

"Дүйнөнүн жүзүн өрт алып,
Кара жалын каптады.
Кыяндай жүрөт шаркырап,
Кызыл кандын атканы.
Ушундай апат күндөрдө

Уяттан уят эмеспи

Уулуңдун үйдө жатканы!" – деп, намыс козгоп, кайрат ырын ырдап, жоого каршы болуучу биздин улуу чабуулду элестетти. Мындай чагылгандай чартылдаган таасирлүү сөздөрү менен жаш уландарды намысына келтирип, эли-жерди коргоого чакырып, "Майданга достор, майданга" деген ураан менен эрдиктин добулбасын казып чыкты. Бул ырды окуган ар бир улан душманды кыргыздын ата-бабадан мурас болуп калган казатчыл жүрөгү менен жек көрүп, "Кош Ала-Тоо, киндик кесип тууган жер" – дешип, жүрөктү титиреткен патриоттук сөздөрү менен кызыл кандын кыяндай шаркырап агып жаткан жерине аттанышты.

Акын бул ырын чын ишеним, кадыресе акындык толкундануу, нукура чыгармачыл шык дем менен жазган. Патриоттук сезимдер андан ары тереңдетилип, өтө так жана даана берилген.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Ж. Бөкөнбаевдин чыгармаларында фольклордун таасири өтө даана жана терең болду деп бардык адабиятчылар бир ооздон белгилеп жүрүшөт. Ал кезде –мейли поэзияда, мейли прозада, мейли драматургияда болсун, фольклордук багыттагы же сюжеттеги чыгармалар элдин, жоокерлердин патриоттуулугун ойготууда зор мааниге ээ болгондугун жакшы билебиз.

Ж. Бөкөнбаевдин согуш мезгилиндеги жазылган чыгармаларында фольклор, элдик мотивдердин көп колдонулушунун бирден бир себеби, ал кичинекейинен энеси Алтынайдын айтып берген кызыктуу жомокторду муюп угуусу, анын ойлоо, элестөө сезиминин өсүшүнө көмөк бергенсийт. Ушул ойго, окумуштуу Б.Керимжанова төмөнкүдөй пикирин айтат: "Жоомарт кыргыз тилин – бабалар сүйгөндөй сүйгөн, чыныгы чечен билгендей билген. Мүлдө кыргыз сөздөрүндөгү сөздөрдү көңүлгө түйгөн, туулганда эне сүтүндөй оозанган тилди ошол сүттөй ыйык сактаган. Анткени, ал "Манас", "Семетей", "Сейтек" сыяктуу улуу эпостордон тартып, "Эр Төштүк", "ЭКурманбек", "Эр Табылды", "Эр Солтоной", "Кожожаш", "Саринжа менен Бөкөй", "Кедейкан", "Мендирман", "Жаңыл Мырза", "Ширдакбек" сыяктуу кенже эпосторго жомок, жамак, улама, дастан, элдик ырларга кана сугарылган . Ошондуктан Жоомарттын ырларында элдик мотив, элдик сюжет, салыштыруулар басымдуулук кылат"!

Жоомарт жогорку байкоодо айтылгандай, улуу эпостордогу, жомоктордогу баатырлар, (башкы) оң каармандардын образы менен ойлонуп, алардын эли жерин коргоо үчүн тайманбай күрөшкөн сюжеттерди чыгармаларында пайдаланган. Ошондуктан акындын каармандары, баатыр, эли жерин чексиз сүйгөн патриот, өтө намыскөй экендиги менен да айырмаланып турушат.

М: Ажыдаар чыкты алдыңан  
Ак албарс кылыч сермедиң.  
Ташкындап жаткан дайраны  
Тамчыдай сезип көрбөдүң...  
Наалатка калган душманга  
Намысты колдон бербедиң.

Шрапнель менен немецти,
Шилediң сайдын кумундай
Агыздың канын душмандын
Ак-Буура Оштун суундай...
(“Ташмаматка”, 184-б.)

же болбосо:

Арстандай ыкчам сермеген,
Айкашта намыс бербеген,
Ажыдаар арбап турса да,
Ажалдан коркпой эл деген.
(“Сайран күү”, 185-б.)

Мындагы каармандар, - алдынан ”ажыдаар” чыкса “ак албарс кылычын” “арстандай” ыкчам сермеген, ажыдаар арбап турса да, эч качан ажалдан коркпогон, намыс үчүн баарына даяр турган баатырлар. Алар үчүн ташкындаган дайра да, тамчыдай да сезилип койбойт.

Белгилүү адабиятчы, сынчы К.Артыкбаев биз козгогон маселеге мындайча кайрылат: “Ырас, согуш учурунда жазган ырларында Жоомарт элдин оозеки чыгармаларда жана эл оозунда көп колдонулган туруктуу образдарга көбүрөөк кайрылат. Мисалы, ал фашисттерди “карышкырга”, “кутурган итине”, (“Москва-крепость”) “ажыдаарга” (“Антым”, “Ата-Журт үчүн майданга”), “Желмогузга” (“Кош, Ала-Тоо, уулуң кетти майданга”) теңесе, советтик жоокерлерди “арстанга”, “кыраан шумкарга” теңештирет. Бул образдар анын ырларынын организмине, өөн учурап окчун турбастан, тескерисинче, жуурулушуп, сиңип кетип, кайра аны жандандырып, акындык элпек, куюлушкан поэтикалык стилине айкалышып турат”! Мындай туруктуу образдар акындын төмөнкү чыгармасынан даана байкалат.

Жан алгыч салып тырмагын,
Жазыксыз кандар төгүлдү.
Ажыдаар сойлоп жеринде,
Ажалдын чогу төгүлдү.
(“Антым”, 153-б.)

Мында акын фашисттерди жек көрүү менен “жан алгыч”, “ажыдаарга” теңеп, ойду өтө образдуу бере алган. Анан да таамай салыштырууларды абдан орундуу таап:

Өлүмтүк издеп тарт жеген,
Өздөрүн мактап алп деген.
Адамдын канын жутууну
“Атадан калган салт деген.

Карышкырдай кажынып
Кан тиленип жутунган.

Каргышын ичип дүйнөнүн
Кандек иттей кутурган, - деп (“Москва – крепость” 149-б.)

фашисттердин терс образын, бузук оюн, максатын, чукугандай сөз таап ушул салыштыруулар душманга кыжырданган элдин моокумун кандырып, душманды жек көрүүнү жогорку саптардан үйрөнүүгө болот. “Көз алдыбызга өз көзүбүз менен көргөндөй жалаң жамандык издеп, дайыма каргышка калып, иттей кутурган фашисттер элестейт. Алар канчалык өздөрүн “алп” деп мактабасын, алардын жаман ойлору ишке ашпайт.

Фашисттерди адамдын канын ичүүнү – негизги милдет, максат, анан да “атадан калган салт” катары ойлогондугун ачып бере алган.

Чынында Жоомарттын ырларынын көпчүлүк көркөм сөз каражаттары, жалпы эле интонация темптери элдик поэзиянын бөтөнчөлүктөрүнө өтө жакын. Ошондуктан анын айрыкча согуш мезгилиндеги ырлары өзүнүн музыкалуулугу менен айырмаланат. Анда ассонанс, аллитерация көп кездешет. Ассонансна мындай ырлары мисал боло алат.

Айтышса намыс алсын деп
Алпештеп сени баккамын,
Алдыңан чыккан душманды
Артыңда атак сөз калсын
Ата-журт антын актаган.
(“Атаңдан”, 145-б.)

же аллитерацияга:

Жан алгыч кыстап турса да,
Жан берип жатып эл дегин.
Жар ташка бекем көмсө да,
Жалганга кетпес эмгегиң.

Чырпык болор чынарың,
Чыла болор булагың.
Чыңалган, калкым, чыңалган!
Чынымды айтып турамын.

Акындын ырларынын рифмалары ар түрдүү. Жогорудагы ырларынын саптары 7-8 муундан турат. (А) саптары бирдей уйкашып турат. Ал эми кайчы уйкаш, аксак уйкаштарды акындын көпчүлүк ырларынан жолуктурабыз.

Ж.Бөкөнбаев Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги ырларында эң биринчилерден болуп кат ант, коштошуу, салам түрүндөгү эң мыкты ырларын жараткан. Айрыкча, ал 1941-жылы, согуш күчөп турган кезде жазылган “Саламы ушул сайранын”, “Атаңдан”, “Эки кат”, “Кош, Ала-Тоо, уулуң кетти майданга”, “Балаңар жазат алыстан” жана башка ырларын жараткан.

Мисалы, “Балаңар жазат алыстан” деген ант түрүндөгү ырында жоокер өнүп өскөн

жеринин жаратылышынын кооздугун, аларды мекендеген жаныбарларын санап кете да, ушундай жерде эркелеп өскөн жаштыгын, балалыгын эскерет. Ырдын акыркы саптарында душманды жеңбестен, кай бетим менен барамын, жанымды беришим мүмкүн, бирок намысты колдон чыгарбаймын деп жыйынтыктайт. Чынында эле, кыргыз эли байыртадан эле эне менен мекенди бирдей коюп, элин, жерин саткан – энесин саткан менен барабар деген элде “Туулган жердин топурагы алтын”, “Эр жигит – эл четинде, жоо бетинде”, “Эрди-намыс, коенду – камыш өлтүрөт” жана башка макалдарда мекенди сүйүүгө, коргоого тарбиялоодо зор роль ойногон. Акындын ырларында да ушул эле идеялар уланган:

Кастарлап багып өстүргөн,
Калкыма айтам саламды.
Касташкан жоону жеңбестен,
Кай бетим менен барамын,
Кагылайын Ата-Журт,
Касамы ушул балаңдын.
Намысты колдон бергенге,
Жарылып өзүм өлөрмүн,
Айбыгып качсам душмандан
Ак сүтү урсун энемдин.

Акындын согуш мезгилиндеги чыгармаларына саресеп салган ф.и.д. С.Искендерованын “Ж.Бөкөнбаевдин өзгөчө согуш мезгилиндеги чыгармаларында элдик ырлардагы мотив, жалпы адамзаттык идеялар, ойлор чагылып турат. Ошондой эле акынга тиешелүү оргуштаган талант, куюлушкан уйкаштык, тилинин жатыктыгы, ырларынын жүрөккө жакындыгы, өзүнөн-өзү эле обонго суралышы окуган адамга дароо эле сезилип турат – деп айткан пикири жогорудагы биз сөз кылган маселелерди, ойлорду толуктап илимий жактан көз караштар дал келип, ынандырып турат.

**Адабияттар**


1. Керимжанова Б. “Акындын чыгармачылык жолу” - Ф.; 1960 - ж. 17-б.
2. Артыкбаев К. “ XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы” - Б.; 2004-ж. 197-199 б.
3. Бөкөнбаев Ж. “Тандалган чыгармаларынын” эки томдугу, “Кыргызстан” басмасы - Ф.; 1973-ж.
4. Садыков А. “Кыргыз романтикалык поэзиясы Жоомарт Бөкөнбаев” - Б.; 2007-ж.
5. Урмамбетов С. “Ж. Бөкөнбаевдин поэзиясынын өзгөчөлүгү” Ф.; 1960-ж. 9-10 б.